**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

*Кептик тема: Балдар үйүндөгүбалдар*

*Грамматикалык материал: Киринди сөздөр*

**Өскөналиева Мөөржан Айтбековна**

*2018-2019-окуу жылы*

**9-Г класс. Кыргыз тили. Сабактын планы. Мугалим: Өскөналиева Мөөржан Айтбековна**
**Сабактын кептик темасы: Балдар үйүндөгү балдар**
Грамматикалык тема: **Киринди сөздөр** (кайталоо)
**Сабактын максаттары / күтүлүүчү натыйжалары:**
**Тилдик:** Балдар үйүндөгү балдар тууралуу тексттен жаңы лексиканы өздөштүрүшөт, жаңы лексиканы активдештирет, киринди сөздөрдү айырмалай алышат, тыныш белгилерин коюп, бөлүп көрсөтө алышат.
**Кептик-катнаштык:** Балдар үйундөгү тагдырлар тууралсында сүйлөшөт. Текст боюнча өз пикирин айтат. Кырдаалга жараша маалымат сураганга, жооп бергенге машыгат. Бири бири менен тема тууралсында кыскача маек түзө алышат.
**Социо-маданий:** Балдар үйүндөгү балдар тууралуу маалымат алышат. Топтордо, жуптарда бири-бири менен сылык мамиле түзүүгө, бири-бирин баалоого көнүшөт.
**Сабактын тиби:** өтүлгөн материалдарды системалаштыруу
**Сабактын ресурстары:** ОТК кептик үлгүлөр, сүрөттөр.
**Сабактын жүрүшү:**

| **Мугалимдин ишмердүүлүгү.<br>Окутуучу жана өнүктүрүүчү компоненттери, тапшырмалар жана көнүгүүлөр.** | **Окуучулардын ишмердүүлүгү.<br>Сабакта өз ара аракеттерди уюштуруунун формалары.** | **Комментарийлер** |
|---|---|---|
| **I. Сабактын киришүү бөлүгү. Окуу ишмердүүлүгүнө мотивдештирүү.** | | |
| Саламдашуу. **Саламатсыңарбы балдар ?** Жаздын биринчи күнү менен куттуктаймын силерди!<br>Маанайыбыз жакшыбы? Келгиле анда топторго бөлүнүп алалычы<br>Топторго бөлүнүп алалы “1” “2” деп санап эки топко бөлүнүп алалы. | Окуучулар жуптарда бири бирин куттукташат. | Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда мугалим менен окуучулар эле эмес, окуучулар өз ара тыгыз карым-катнаш мамиледе болуусу шарт. Ошондуктан, салттуу учурашуудан айырмаланып, окуучулар бири-бири менен учурашуусун уюштуруу сабактын башында жагымдуу жагдайды гана түзбөстөн, окутуу процессин реалдуу коммуникация процессине жакындатат. |
| **Келгиле, балдар, сабактын темасын билели.** Топтун отурган партасынын астында эки окшош сүрөт катылган болот, окуучулар топ менен сабактын темасын тез арада аныктап доскага жазуу керек болот.<br>Окуучулар өздөрү ой жүгүртүшөт.<br>Окуучулардын ойлорун угуп, мактап, колдогондон кийин, тилдик материалды кайталатам. | Окуучулар партанын астындагы сүрөттү алып , топтордо талкуулап сабактын темасын божомолдошот, ар бир жоопко бирден упай берилет. | Сабактын максаттарын коюуда максаттарды так белгилөө, ишке ашырыла турган милдеттерди аныктоо гана маанилүү болбостон, максат коюу окуучунун сабакка кызыгуусун ойготууну да көздөгөндүктөн, окуучулар бүгүнкү сабакта эмне иштерди жана кантип аткарарын мугалим менен бирге |

| | | |
|---|---|---|
| | | талкуулап, сүйлөшүп алуусу керек. |
| **Сабактын максаттары менен тааныштыруу.** Окуучулардын божомолунан кийин гана мугалим **<u>Бүгүнкү темабыз:</u> «Балдар үйүндөгү балдар»**. Бул темада сабактын максаттары кандай болот деп ойлойсуңар? Сабакка кандай максаттарды коёбуз? Сабактын максаттары менен таанышып алалы. (1-2 мүнөт) | **Окуучулар тема боюнча сабакка өздөрү максаттарды** /күтүлүүчү натыйжаларды коюшат**.** **Мисалы**: Балдар өздөрү божомолдоп сабакка максат коюшат Мугалим экранга сабактын максаттарын чыгарганда аларды үн чыгарып окушат, макулдашышат, максаттар боюнча суроолору бар болсо, беришет. Керек болсо, балдардын кийлигишүүсү менен максаттар ондолот. | Сабактын башталышында ишмердүүлүктү так жана туура уюштуруу аркылуу сабактын эффективдүү болушуна өбөлгө түзөбүз. Окуучулар эмне жумуш аткарарын, эмне үчүн муну аткара турганын, ал аракеттери кандай критерийлер менен баалана турганын билишсе, окутуу процессин мугалим менен кошо көзөмөлгө алып турушат. |
| **II. Сабактын негизги бөлүгү. Өтүлгөн материалды кайталоо** | | |
| **А) Активдүү лексика менен иштөө – семантизация. Үй тапшырмасын текшерүү.** (5 мүнөт) | | |
| Экрандан сүрөттөр чыгат окуучулар синонимдерин айтышат. Толук сүйлөм конструкциясы менен жооп беришет. Айтылбай калган маалыматты берилген флипчартка түшүрүшүп ар бир топ өз өзүнчө жакташат . Тапшырма түшүнүктүү болдубу? (кол менен белги берүү, калыптандыруучу баалоону колдоном) **(10 мүнөт)** | Суроолорго жооп беришет, | Окуучунун тилдик компетенттүүлүгүн өстүрүү максатында сөздүк ишин ийгиликтүү өткөрүүдө жаңы сөздөрдүн мааниси ар түрдүү жолдор (**семантизация**) менен ачылат. Жаңы лексика окуучунун кебинде бекемделип калыш керек. Ошондуктан окуучуга ушул учурда жаңы сөздөрдүн ар бирин өз кебинде колдонулушу үчүн мындай иштер зарыл: сүрөттөр аркылуу түшүнүп кабыл алуу, сөздөрдү туура окуу, жекече кайталоо, хор менен да кайталоо, сөз айкаштарда же сүйлөмдө колдонуу, сабак учурунда кептик кырдаалдарда кептик үлгүлөр аркылуу да, эркин да колдонуу. Ар бир жаңы сөздү ушул айтылгандардын кайсынысы менен бериш керегин мугалим чыгармачылык менен чечет. |
| **В) Жаңы материал менен таанышуу** | | |
| Текст таркатылып берилет, окуучулар тыным менен окушат. Текстти түшүнгүндүгүн текшерүү иретинде биринчи топ экинчи топко суроо беришет, экинчи топ биринчи топко суроо беришет. | | Калыптандыруучу баалоого көнүктүрүү – жооптуу иш. Сабактан сабакка улам машыгып отуруп, бири-бирин угууга, |

| | | |
|---|---|---|
| | | туура баалоого көнүгүшөт. |
| **III. Өтүлгөн материалды бышыктоо.** | | |
| **Топтук тапшырма, продуктка чыгуу,**<br>**Көйгөйдү чечүү** | **Топторго бирден ватман жана маркер таратып берем, экрандагы таяныч аркылуу тапшырманы аткарышат.** | Окуучуларды критерийлер менен баалоодо төмөнкүдөй маанилүү кадамдар бар:<br>Окуучулар максаттарды билишет жана түшүнүшөт.<br>Окуучулар ошол максаттарга дал келген жыйынтыктарды баалоонун критерийлерин билишет жана түшүнүшөт.<br>Окуучулар өз ишин талдаганды билишет. Алар ошондой эле бири-бирин критерийлер боюнча баалаганды билишет.<br>Баалоого чейин критерийлер менен тааныштыруу керек. Ошондо окуучу баалоого жакшылап кылдат даярданат.<br>Баалоону окуучулар өз ара баалоо учурунда критерийлер менен жүргүзүшөт: критерийлерди окуучулар менен мугалим чогуу түзгөн. |
| **IV. Сабактын жыйынтыгы. Рефлексия.**<br>**Окуучулардын өзүн-өзү баалоосу.** | | |
| – Эмнеге үйрөндүң?<br>– Эмнени билдиң?<br>– Эмне жакты / жаккан жок? Эмне үчүн?<br>– Сен үчүн эмнелер кызыктуу болду?<br>(1 мүнөт) | • **Мен ... үйрөндүм.**<br>• **Мен ... билдим.**<br>• **Мага ... жакты. Себеби ... .**<br>• **Мага ... жаккан жок. Себеби ... .**<br>**Мен үчүн ... кызыктуу болду.** | Ар бир окуучу сабактын аягында өзүн-өзү баалаганга мүмкүнчүлүк алат. Экинчи тилде бул ишмердүүлүккө кептик үлгүлөр сунушталыш керек. Ушул кептик үлгүлөр тактада көрүнө жерде илинип турса, сабактан-сабакка ал үлгүлөрдү колдонуу менен окуучу сабактагы өз ишин баалоого, жыйынтыктаганга үйрөнөт. |
| **Сабактын максаттары канчалык деңгээлде ишке ашкандыгын аныктоо.** | | |
| **...** темасындагы сөздөрдү үйрөндүк. | • Максаттарды окуучулар сабактын башында мугалим менен кошо иштешсе, эми жыйынтыкты да чыгара алышат. Мугалим алар үчүн өзү | Сабактын аягында окуучулар менен максаттар канчалык деңгээлде ишке |

| | | |
|---|---|---|
| Кайда? Эмнени? деген суроолорго жооп бердик. Бири-бирибизге сылык мамиле кылдык. Критерийлер менен бааладык. | сүйлөй бербеш керек. | ашканын аныктоо үчүн бир мүнөттүн ичинде кыска гана талкуу жүргүзүү керек. |
| **V. Үйгө тапшырма берүү.** (1 мүнөт) Эгерде окуучулар сабакка коюлган максаттардын айрым бири ишке ашпай калганын байкай алышса, мугалим ошол нерсеге көңүл бурдурат да, ошол нерсени үйгө тапшырат. | **Үйгө тапшырма : 98-бет 7-8 –көнүгүү. Текст боюнча туура , ката экенин белгилеп класстагы ишти улантышат.** | Окуучулар тапшырма менен макул болуусу, туура түшүнүп, кантип аткаруу керектигин сурап алышы шарт. Ошондуктан берилген тапшырманы бир окуучу класска кайра түшүндүрсө, башка окуучу тапшырманы кайталайт. |

# Өздүк анализ

**Сабак:** Кыргыз тили, 9-Г класс

**Мугалим:Өскөналиева Мөөржан Айтбековна**

**Сабактын кептик темасы:** Балдар үйүндөгү балдар

**Грамматикалык тема:** Киринди сөздөрдү кайталоо

**Сабактын максаттары / күтүлүүчү натыйжалары:**
**Тилдик:** Балдар үйүндөгү балдар тууралуу тексттен жаңы лексиканы өздөштүрүшөт, жаңы лексиканы активдештирет, киринди сөздөрдү айырмалай алышат, тыныш белгилерин коюп, бөлүп көрсөтө алышат.
**Кептик-катнаштык:** Балдар үйундөгү тагдырлар тууралуу сүйлөшөт. Текст боюнча өз пикирин айтат. Кырдаалга жараша маалымат сураганга, жооп бергенге машыгат. Бири бири менен тема тууралуу кыскача маек түзө алышат.
**Социо-маданий:** Балдар үйүндөгү балдар тууралуу маалымат алышат. Топтордо, жуптарда бири-бири менен сылык мамиле түзүүгө, бири-бирин баалоого көнүшөт.
**Сабактын тиби:** өтүлгөн материалдарды системалаштыруу
**Сабактын ресурстары:** ОТК кептик үлгүлөр, сүрөттөр.
9-г класста менин группамда 18 окуучу, көпчүлүгү кыргыз тили эне тили катары колдонушат арасында экинчи тил катары окуган 4 окуучу бар. Азыркы эпидемиалык абалга карата, кабинеттик система болгондуктан ушул классты тандап алдым. Календардык план боюнча кептик тема дал келип тнадалып алынды. Сабактын башында жаздын алгачкы күнү болгондуктан "Жаздын биринчи күнү", жаз майрамдары менен куттукттап маанайды көтөрүп алуучу психологиялык жагдай түзүлдү. Топко бир-эки деп саноо аркылуу бөлүнүүнү туура көрдүм, бул жагдай окуучулардын өз алдынча калоосундай эмес жалпы сабакта бардык классташтары менен иштөөгө көнүктүрөт. Сабактын темасын өзүм айтпастан мээге чабуул катары сүрөттөрдү жашырдым. Бул метод аркылуу балдардын сабакка карата көңүлүн толук кандуу бурдурууга жардам берет. Сөзсүз түрдө текстте колдонулуучу оор сөздөрдү семантизациялоо үчүн атайын сүрөттөрдү колдондум. Тексттен кездешкенде кыйналбай түшүнүшөт. Сабактын жүрүшү 20 мүнөт болгондуктан тапшырмалар жеңил формада каралды. Көйгөйлүү суроо жаратып ага жооп алганга аракет кылдык. Бул социалдык теманы ачуу аркылуу тарбиялык, социомаданий максат ишке ашты.